**УДК 94(47)**

# АЛЫМБЕК ДАТКАНЫН КОКОН ХАНДЫГЫНДАГЫ ОРДУ

*Медербеков Кайратбек Медербекович, СЕБ-22 тайпасынын магистранты.*
*kairatbekmeberdekov@gmail.com*
*Осмонов Самарбек Жумабекович ОшМПУ доценти, т.и.к.*
*osmonovs@bk.ru*

**Аннотация**

Бул макалада колдо бар адабияттарды пайдалануу менен Алымбек Датканын Кокон хандыгындагы ордун ачып берүүгө аракет жасалды. Кыргыз элинен чыккан көрүнүктүү мамлекеттик ишмер Асан бий уулу Алымбек датка, Стамбул, Рим шаарларына чейин барып билим алып келгендиги макалада кеңири айтылат. Кыргыз элине аттын кашкасындай таанымал инсаныбыз жаш кезинен эле Кокон хандыгында мартабалуу кызматтарды аркалагандыгы, Ош шаарынын социалдык-экономикалык абалын бир топ өнүктүргөндүгү, агартуу ишине өз салымын кошуп балдар үчүн атайын медресе курдуртуп шаар жашоочуларына ыңгайлуу шарттарды түзгөндүгү, 30 жылдык ишмердигинде журт кызыкчылыгын, эл мүдөөсүн биринчи орунга койгондугу айтылат.

**Негизги сөздөр:** Алымбек датка, Кокон хандыгы, медресе, датка, хан, Алай, Ош

## МЕСТО АЛЫМБЕК ДАТКИ В КОКАНДСКОГО ХАНСТВО

*Медербеков Кайратбек Медербекович, Магистрант группы СЕБ-22.*
*kairatbekmeberdekov@gmail.com*
*Осмонов Самарбек Жумабекович к.и.н.,доцент ОшГПУ.*
*osmonovs@bk.ru*

**Аннотация**

В данной статье предпринята попытка с использованием доступной литературы раскрыть положение Алымбек Датки в Коконском ханстве. В статье подробно рассказывается, что Асан бий уулу Алымбек, видный государственный деятель кыргызского народа, ездил в Датку, Стамбул и Рим с целью получения образования. Наш человек, известный кыргызскому народу как лоб лошади, с юных лет занимал высокие посты в Коконском ханстве, значительно улучшил социально-экономическое положение Оша, внес свой вклад в образование и создал специальное медресе для детей, создал комфортные условия для горожан и за свою 30-летнюю карьеру поставил интересы народа на первое место.

**Ключевые слова:** Алымбек датка, Коконское ханство, медресе, датка, хан, Алай, Ош.

## THE PLACE OF ALYMBEK DATKA IN KOKON KHANDY

*Mederbekov Kairatbek Mederbekovich, Graduate group SEB-22.*
*kairatbekmeberdekov@gmail.com*
*Osmonov Samarbek Zhumabekovich Doctor of Science, associate professor, OshGPU.*
*osmonovs@bk.ru*

**Abstract**

In this article, an attempt was made to reveal the position of Alymbek Datka in the Kokon khanate using available literature. It is detailed in the article that Asan bii uulu Alymbek, a prominent statesman from the Kyrgyz nation, went to Datka, Istanbul, and Rome to bring

education. Our person, who is well-known to the Kyrgyz people like a horse's brow, held high-ranking positions in the Kokon Khanate from a young age, greatly improved the socio-economic status of Osh, contributed to education and created a special madrasah for children, created comfortable conditions for the city residents, and put the interests of the people first in his 30-year career. It is said that he put it in place.
**Key words:** Alymbek datka, Kokon khanate, madrasah, datka, khan, Alay, Osh.

**Теманын актуалдуулугу:** Борбордук Азияда Хива, Бухара жана Кокон хандыктары сыяктуу мамлекеттер жашап турган. Алардын эң жашы болуп сналган Кокон хандыгынын курамында кыргыз эли да болуп келгендиги белгилүү. Кокон хандыгы 1709-жылы Бухара хандыгынан бөлүнүп, Алим хандын доорунда расмий түрдө көз карандысыз хандык деп жарыяланган, башында миң уруусунун башчысы Шахрух бий турган. Кокон хандыгы өзүнүн мамлекеттик түзүлүшү боюнча абсолюттук монорхия болгон. Мамлекет күч кубатка ээ болуу менен гүлдөп өскөн жана башкаруу иштерине кыргыз бийлери да тең ата башкаргандыгы белгилүү. Алымбек датка Кокон хандыгында орду чон болгон. Акимдиктен вазирлик кызматка чейин көтөлүлгөн жана кыргыз элине ак кызматы менен кадыр баркка, атак данкка жетишкен.

**Изилдөөнүн обьектиси:** XVIII-XIX кылымдардагы кыргыз бийлеринин кокон хандыгындагы орду.

**Изилдөөнүн предмети:** жергиликтүү (Алымбек датка) бийлердин башкаруу.

**Материалдар жана методдор:** Изилдөөдө орус тилдүү, жергиликтүү тарыхый булактар пайдаланылды жана тарыхыйсалыштырма ж.б. методдор колдонулду.

Алымбек датка Асан бий уулу, Алымбек парваначы (1799-1862-жж ) Кыргыз элинен чыккан көрүнүктүү мамлекеттик ишмер. 27 жашында Кокон ханы Мадалиге кызмат өтөй баштаган. 31 жашында ага датка наамы ыйгарылган. 32 жашында Анжиян вилайетинин беги болуп дайындалып, Кокон хандыгынын ордосунда таасирдүү саясий роль ойноgon. 1842-жылы Шералыны хан көтөрүүгө жигердүү катышкан. Анжиян вилайетинин борборун Ош шаарына көчүрүп, бул шаардын социалдык-экономикасынын өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Балдар үчүн медресе курдурган. 1845-жылдагы ордого каршы Ош көтөрүлүшүн жетектеген. Хандыктагы саясий жана мамлекеттин 30 жылдык (1831-1862-жж ) ишмердигинде журт кызыкчылыгын, эл мүдөөсүн биринчи орунга койгон. 1862-жылы 24-февралда Малла ханды өлтүрүү үчүн кутумга катышкан. Тактыга Шералы хандын 12 жаштагы жээни Шах Мурадды отургузуп, кыска мөөнөт ага аталык болуп турган. Кокон хандыгынын акыйкатсыз, баскынчы саясатын колдогон эмес. Алымбек датка бүткүл

кыргыздарды баш коштуруп, өз алдынча кыргыз мамлекетин түзүүгө далалаттанган. 1862-жылы хан сарайындагы кезектеги кутумда курман болгон. [1.14-15-бб ]

Ажы бийдин Шамырза аттуу уулунан Асан, Намаз, Кудаяр жана Арык деген уулдар төрөлөт. Алардын ичинен Асан бий болгон. Асандан Осмон, Өмүрбек, жана биз сөз кылып жаткан Кокон хандыгынын ири саясий ишмери жана башкаруучусу Алымбек датка 1799-жылы туулган. Ал жаш кезинен эле саясатка аралашып чоңойгон.[2.413-414-бб]. Алымбек датканын өрнөктүү өмүр жолун изилдөөгө алгачкылардан болуп чыйыр салган илимпоз Маматемин Эркебайевдин маалыматы боюнча ал 1800-жылы туулган. Ал эми Курманжан датканын коомдук-саясий ишмердигин изилдөөгө барандуу салым кошкон Турсунай Өмүрзакова Алымбек датка 1799-жылы төрөлгөн деп эсептейт. Атасы Асан бий жалпы Борбор Азиядагы ири соодагерлердин бири болуп, Алымбекти балакатка жеткенден эле кербендерге кошуп, Кокон, Ташкент, Жаркент, Самаркан, Бухара, Стамбул, Кабул шаарларына ээрчите барып, эл-жерди, адамдарды тааныткан. Алымбек жаш чагынан адегенде Алайда молдодо окуп, кийин медреседен билим алат. Ал медресе Жакыпбек аталык салдырган Бухарадагы атактуу медресе болуп, ага Асан бийдин агасы Арык алып келип 1813-жылы киргизип кетет. Казактын Казыбек деген бегинин уулу Максүт, соодагер Эшматтын уулу Азим дегендер менен бирге окуйт. Үчөө 1815-жылы Меккеге бара жаткандагы зыяратчыларга кошулуп, Стамбулга келет, ал жерден бир жылдай окууганы да айтылат. Бул жерден Махмуд ибн аль-Хусейин ибн Мухаммед ал-Кашгари, Юсуф Хас Хаджиб Баласагуни деген ойчулдардын эмгектери менен таанышат. Анан татар соодагери Мансурдун жардамы менен Рим шаарына барат. Римде төрт айдай туруп, Кара Деңиз менен Севастополь аркылуу Орусияга келип, жашоо- турмушту көрүп, илим алып андан мекенине кайтып келгенден соң, атасы он алты,он жети жашында Кокон хандыгынын ордосуна алып барат.[3.48-49-бб] Кокондун Мадали ханы атактуу Ажы бийдин тукуму болгон Алымбекти 1826-жылы 27 жашында хан ордого алдырып, парваначы даражасын берет. “Парвана”-чырактын жарыгын айланып жүргөн көпөлөктүн атынан алынган. Ал эми “Парваначы”-хандын айланасындагы киши же болбосо кеңеш берүүчү десе болот. Парваначы Кокон хандыгындагы эң жогорку кызмат болуп, аны хан өзү гана бекиткен, ордодон атайын эсеп менен каржыланган, хандык кеңештин мүчөсү катары чечүүчү добуштардын бирине ээ болуп, өзүнүн мөөрү болгон. Ал катардагы вазирлердин сабында эмес, хан менен дайым бирге жүргөн, хандыктагы экинчи киши эсептелген. 1831-жылы 32 жашында хандыктын датка наамын алган. Ал наам ошол убакта ислам шариятына ылайыкташылган бүтүм мененм Бухара-и Шарифтин шайхуль-Исламдын ыйык фатвасы катары берилген. Датка ( Додхох- фарсиче “адилеттүүлүк” деген түшүнүк берип, алгач вилайеттин динний көсөмү эсептелип, кийинчерээк хандын жергиликтүү бийлий өкүлү, акими же аскер башчысы

катары таанылган. Жылына ага 10 миң теңге маяна же хандын казынасынан 200 батман эгин алып турууга укук берилген. Бул ошол кездин чени менен алганда өтө чоң сый болгон. Датка наамын алган Алымбек жаш чагынан диний билими жогору болгон деп айтууга болот. 32 жашында Анжиян бектигине жетекчи-бек катары жиберилет. Ага ошол кезде азыркы Өзбекстандын Анжиян, Кыргызстандын Ош, Жалал-Абад, Баткен облусу, Нарын облусунун Ак-Талаа, Жумгал, Тогуз-Торо райондорунун аймактары караган. Ал гана эмес, Анжиян анда Кокон ордосунун сратегиялык маанилүү объектиси эле, буга биринчи кезекте ал аймакка өтө көп калктын букара болушу менен бирге эле ары Кетмен-Дөбө, Көк-Арт, Алай кыргыздарын кыңк эттирбей башкарып туруу, алым-салык ишин ың-жыңсыз жүргүзүү милдетин аркалоодон тышкары, хандыктын жер чегин кеңейтип, ары Нарын, Ысык-Көл, Кашкар, Сары-Кол жерлерин каратып алуу ойлору да Алымбек датканын “колу” менен ишке ашырылмак. Ошол кезде бектин Кашкар, Ош, Анжиян, Кокон, Бухара шаарларында 160 тан ашык соода дүкөндөрү, бул шаарларды бириктирип мал (товар) ташып турган кербендери болгон.   Алымбек датка Анжиян бектигинин борборун XIX кылымдын 40-жылдарынын башында Ош шаарына көчүрүп келет. Ал жерде Ак-Буура дайрасынан күн батышка карай чыга бериштеги дөңсөөгө, Сулайман-Тоонун этегине, болжолу азыркы ( ОшМУ нун жатаканалары, “Алай” мейманканасы, Шейит-Дөбө, Тешик-Таш, Филармония турган жерге) боз үйлөр шаарчасын жайгаштырып, Ак ордо орноткон. Шаарча кырк боз үйдөн туруп, алардын так ортосунда калаа ичи гана эмес, Алай жолу тарап да, Анжиян жолу, Кара-Суу жолу тараптар да жакшы көрүнө турган бийик секиге Алымбек датканын 12 канат ак өргөсү тигилген. Алымбек датка, кийин чоң уулу Абдылдабек, зайыбы Курманжан датка ж.б анын урпактары дал ошол жерден элчилерди, мамлекеттик кызматкерлерди жана букара калкын кабыл алган. Ушундан тартып Ош шаарынын архитектуралык инфраструктуралык, ирригациялык облиги өзгөрүп, Ак-Буура дарыясына эки өйүздү туташтырган 9 көпүрө курулуп, соода жайлары узарып жана жакшырып, кербен сарайлар кеңейтилип, мечит, медреселер салынган.[4.24-25-б]. Ал эми шаардыктардын чарбасын өнүктүрүү максатында Төлөйкөн арыгы, Жоош арыгы, Жапалак арыгы, Баргы арыгы, Улан арыгы, Сабай арык, Анжиян арыгы, Коңурат арык, Кыдырша арык ( Сулайман тоосун түштүк жээгин айланта курулган Жаннат арык ) болуп- баары 9 арык салдырганы Ош шаарынын өнүгүүсүндө зор орунду ээлейт. Маселен, Жаннат арыктын суусу азыркы Сулайман Тоонун түштук алдында курулган чоң мечиттин ордуна “Айдың көл” деген ак куу, өрдөктөр сүзүп жүрчү  көлдү да толтуруп турчу дешет эл.

Алымбек датканын 9 тегирмен  жана пахтадан май сыгып алчу майжуваз, шалыдан күрүч бөлүп алуучу акжуваз курдурганы жөнүндө эл оозунда аңыз катары айтылып калган.

Датканын Ош шаарынын көчөлөрүн түздөтүп, оңдогондугу, чайханаларды базар жана бир катар имараттарды салдыргандыгы жөнүндө да далилдүү аңыз кептер бар.[5.24-б]

Алымбектин медресеси же Ак медресе. Мересенин курулушунун башталышы 1844-жыл болушу мүмкүн. Башкы мемарлары (архитекторлору) катары Самаркандан Камал ибн-ал Кадырулла, Кашкардан Ахматбек ибн-ал Курбани чакырылат. Алардын келип-кетиш чыгымын, үй-бүлөсүнүн каржы муктаждыгын бүт Алымбек датка өзү каржылаган. Заңыраган ири имарат көргөндүн көз жоосун алып, алты жыл курулуш иштеринен соң, 1850-жылы бүткөрүлгөн. Медресе Ак-Буура суусунун оң жээгинде, чыгыш тарабында, азыркы борбордук базарга Кара-Суу жактан келип кошулган жолдун томунда жайгашкан. Медресе ошол кездеги Борбордук Азиядагы атактуу медреселер менен тең тайлашып алардын катарында турган. Төрт купасы, алдындагы эки бурчунда мунарасы болгон, алардын бийиктиги 15 метр келип, ага чыгып азан айтканда Ошко гана эмес, бери жагы Кашкар-кыштак, Кыргыз-Чек, ары жагы Гүлбар, Жапалак, Учар, Төлөйкөн кыштактарына чейин угулган. Имарат эки кабат болуп, дарсканалары, намазканасы, кең жана кооз айбандары, мударисканалары жана 28 чакан бөлмөдөн (келийе) турган жатак жайлары-үжүрөлөрү болгон. Жатак жайында бир эле мезгилде 3 мударис, 80-100 талаба (окуучу) жаткан. Медресенин алдынан Ак-Буура аркылуу базар тарапка өтүү үчүн асма көпүрө салынган. Ал эми алдындагы кооз аузга (хауз-көлмө, бассейин) тоо дайрасынан муздак, таза суу улам кирип, жаңыртылып тургаан. Башка медреселер сыяктуу мечити да болгон, ага талабалар гана эмес, каалоочулардын баары кирип, жума жана айт намаздарын окушкан. Бул медресенин окуу мөөнөтү үч жыл болгон. Мударистери Мекке, Кашкар, Букара, Самарканд, Кокон сыяктуу шаарлардын окуу жайларынан тандалып алып келинген. Башкаруу курамы үч адамдан турган: биринчиси, окуу-тарбия ишине көзөмөлдүк кылгын; экинчиси, отун-суу имараттардын тазалыгы үчүн жоопту болгон; үчүнчүсү, медресеге караган вакуптук жерлерди, дүкөндөрдү, устаканаларды, малканаларды, кол өнөрчүлүк, кийим тигүүчүлүк цехтерди башкарып, медреседе иштеген жана окуган адамдарды тамак-аш, кийим-кечек, дарстыктар менен камсыз кылган. Медресенин карамагына караган атайын жерлер болгон. Алымбек датка 1895-жылы Кокон ханы Шах Мураддан атайын чечим чыгарылган вакуп-наманын негизинде 10 000 танап (1660 десятин же 1825 гектарга барабар) жер ээлигин вакуп катары алган. Алар Оштун тегерек-четинде (кийин “Алымбек чек” деп аталган Чын-Абад кыштагында) гана болбостон, тоо этегиндеги Папанда, Көк-Белде да болгон. 1877-жылы медресенин карамагында 71 соода жана устаканасы болсо, 1882-жылы ага дагы тогузу кошулган, 1906-1907-жылдары алардын саны 120ны түзгөн. Ал гана эмес медресенин мыкты бүтүрүүчүлөрүн Бухара, Самаркан, Ташкент, Кокон, Тегеран, Дамаск, Багдад, Ыстамбул, Кашкар, Мекке, Каир сыяктуу ири шаарлардагы чоң окууларга

жиберилген. Жетимиш жылдай (1850-1920) иштеген бул медресе жылына 50дөн 120га чейин бала окуган, мисалы, 1880-жылы 75 талаба окуп жаткандыгы жазылып калган. Орточо эсеп менен алганда, бир жылда 30 бала бүтүрүп чыкса, демек, бул медресе 2000ден ашык балага билим жана тарбия берген.[4.26,27,31,32,33-б]. Демек, ошол доордо ким мамлекеттик жетекчиликке келбесин, мечит,медресе салдырышкан. Алсак Фергана өрөөнүндөгү эң атактуу Молдо Кыргыз медресеси, Саид Ахмад кожо медресеси, Азиз кожо эшендин медресеси, Кайыпназар медресеси жана башка медреселер мисал боло алат.

Алымбек датканын акылман, алысты көрө билген көсөм, кылдат саясатчылыгы 60-жж. Башында Россия империясынын колониалдык аскерлери Чүй өрөөнүнө кирип келишкенде көрүнгөн. 1860-жылы Верный чебинен чыккан орустар менен салгылашуу үчүн Малабек хан Ташкенттен чоң аскердин башында Канат Шааны, Ферганадан “Анжиян кошууну” деп аталган отряддын башында Алымбек датканы жөнөткөн. Алымбек Нарын аркылуу Чүйгө багыт алган. Жолдо кыргыздардан колун толуктап, сарбаздары 12000 миңге чейин жеткен. Алымбектин кошуунунун курамында Жаңгарач баштаган солто, сарыбагыш манаптарынын, алардын ичинде Шабдандын да жигиттери болгон. Алымбек Чүй өрөөнүндө Ташкент беги Канат Шаа жетектеген кокон аскерлери менен жолугушат. Бул жерде бири-бирине баш ийгиси келбеген эки төбөл башкы кол башчылыкты талашышат. Натыйжада, азыркы Казакстандын Узун-Агач, Кара-Кастек, Каскелең өзөндөрүндөгү салгылашууларда Алымбек кошуунун кармашка киргизбей коюп, кокон армиясы чегинүүгө мажбур болгон. Алгач Кара-Кастекке койгон чабуулунун мизи кайтарылган соң, Узун-Агачта экинчи чабуул кылууну буйруган Канатка Алымбек кескин каршы чыккан. Кокон ордосунун тарыхчысы Мулла Нияз: “Алымбек кыргыз менен Канат Шаа тажик кошунга башчылык кылууну талашып, чатак башташты. Жаңжалдан улам Алымбек анжиян колу менен кыргыздарды майдандан алып чыгып кетип, салгылашуунун сыймык же маскаралык алып келүүчү тагдырын колунан чыгарды...”- деп жазган.[5.14,15- б].

Алымбектин мындай чечиминин түпкү максаты, бүткүл кыргыз урууларын бириктирип, өз алдынча мамлекет уюштуруу же кокон ордосун толук ээлөө болгон деп ойлоого болот. Ошондуктан, ал орус бийликтери менен ушул мезгилден баштап эле ымала түзүүнү көздөгөн болушу мүмкүн. Анын биринчи шарты орус аскери менен согушпоо экендигин жакшы түшүнгөн. Орусияга жүз буруп турган Чүй, Ысык-Көл кыргыздарынын манаптарынын пикирлери да эсепке алынган. Узун-Агач салгылашуусунун алдында эле Жангарач, Байтик, Шабдан жана башкалар менен жолугушкан Алымбек үчүн кармашта Канат Шаанын жеңилиши ыңгайлуу болгон. Узун-Агачтагы күнөөсү үчүн Алымбек датка куугунтукталып, Алайга кайтат. Ал адыгине менен муңгуштан кол жыйнап Коконго каршы чыгууну ойлогон, бирок ага шарт болгон эмес.[2.417-б]. Бул арада Кокон бийлиги аны

өлүм жазасына тартуу өкүмүн чыгарат. Алымбектин өлүмү тууралуу көптөгөн пикирлер бар: өзүнүн атаандашы Алымкул тарабынан 1863-жылы өлтүрүлгөн (Ч. Валиханов), 1863-жылы дарга асылган ( "Туркстанские ведомости" газетасы, В.М.Плоских жана В.П.Мокрынин), 1862-жылы кутумчулар тарабынан муунтулган (А.Х.Хасанов), Алымкул аталыктын буйуртмасы менен Көкбелдик Чотон деген кыргыздын колунан өлтүрүлгөндүгү ж.б. пикирлер айтылып келет.[6]

Жыйынтыктап айтканда оомал-төкмөл заманда журт башында туруп, кыргыз элинин кызыкчылыгын ойлоп, барандуу иш-аракеттерди жасаган Алымбек датканын алысты көрө билген көсөмдүгү, кара кылды как жарган адилеттиги, өз жери үчүн алтын башын сайып койгон мекенчилдиги, тайманбаган баатырдыгын кыргыз эли, эл башында турган адамдар, биздин муун жана келечек урпак үлгү алып иш тутат деген терең ишеничтебиз.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз тарыхы // Энциклопедиялык окуу куралы- Б.,2003. 14-15-б.
2. К.Жусупов. К.Иманалиев// Кыргыздар-Б.,2011.413-414-б.// 417-б.
3. Ж.Кенчиев// Алымбек хан.-Б.,Учкун, 2004. 48-49-б.
4. А.Муратов. Б.Зулуев// Фергана өрөөнүндөгү медреселер.-Б.,2018. 24-25-б.// 26,27,31,32,33-б.
5. Алымбек датка жана анын доору. Б-2016., 24-б // 14,15-б.
6. https://www.google.com/amp/s/sputnik.kg/amp/20180512/alymbek-datka-tuuraluu-fakty-1039123880.html.